**БЕКИТЕМ**
**Ж. Баласагын атындагы**
**Кыргыз улуттук университетинин**
**илимий иштер боюнча проректору,**
**ф.-м.и.д.,профессор,**
**УИА мүчө-корреспонденти**
**А.А. Чекеев**

**«___» 12 2021 ж.**

**Жетектоөчү мекеменин изденүүчү Абдыракунова Жылдыз Сатаровнанын "Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негиздери" аттуу 13.00.01 - жалпы педагогика адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши жөнүндө жетектөөчү мекеменин пикири**

**1. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу** бүтүн дүйнөдө жүрүп жаткан атаандаштык, коом тарабынан эмгек ресурстарына болгон талаптын өсүшү, ар бир адамдын кесипкөйлүгүнө, анын ишбилгилигине, өз ишине болгон жооперчиликтин күч алышы эмгек рыногуна келүүчү болочок муундардын кесип тандоого психологиялык жана практикалык жактан даяр келишин талап кылат. Мунун өзү мектеп бүтүрүүчүлөрү тарабьшан кесиптик багытты тандоосундагы үй-бүлөлүк тарбиянын таасирдүүлүгүнүн иилимий негиздерин аныктоо, кесипти туура тандоонун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу - учурдагы эң актуалдуу маселелерден экендигин далилдейт.

Изилдөөнүн актуалдуулулугундагы бир себеби, көп жылдар бою совет системасында жашап келген ата-энелердин бүгүнкү күндөгү атаандаштыкка туруштук бере ала турган кесип ээлерин жетиштирүүдөгү орду атайын педагогикалык проблема катары изилденбей келе жаткандыгында жатат. Бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» деген аталыштагы жарлыгында (29.01.2021-ж.) билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсү, активдүү жашоону жана кесиптик позицияны

№ 55 14 12 2021
Окуу. катчы: [signature]

калыптандырууга багыттоо зарылчылыгы көрсөтүлгөн. Андыктан **изилдөөнүн предмети**: мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлери деп белгилениши бүгүнкү күндөгү актуалдуу экендигин билдирет.

**Изилдөөнүн максаты:** мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негиздерин аныктоо жана аларды экспериментте текшерүү болуп, ага ылайык үч милдет аныкталган.

Диссертациялык иш үч баптан туруп, алардын **биринчиси** мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүнүн теориясын, өзгөчө үй-бүлөнүн балдарды кесиптик багыт берүүдөгү социалдык-педагогикалык мейкиндик экендигене басым жасалган. **Экинчи бап** мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлерин изилдөөнүн методдорун жана материалдарына арналып, бул жерде мектеп бүтүрүүчүсү кесиптик багыт берүүнүн обьектиси, үй-бүлөлүк тарбиянын кесипке багыт берүү потенциалы жана модели, критерийлери, үй-бүлөлүк тарбиянын кесипке багыт берүү мүмкүнчүлүгүн арттыруунун педагогикалык шарттары ачыкталган. **Үчүнчү бап** мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүү таасирдүүлүгүн аныктоо боюнча жүргүзүлгөн эксперименттерге арналган.

**2. Диссертациялык иштин илимий натыйжаларынын жаңычылдыгы жана далилдүүлүгү:** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектисине, предметине, максатына жана милдеттерине ылайык ар кандай деңгээлдеги илимий жыйынтыктар жана натыйжалар алынган жана алар төмөнкүчө мүнөздөлөт:

**2.1. Биринчи натыйжа:** мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлө тарбиясынын таасирлеринин маңызы жана анын педагогикалык негиздери теориялык жактан изилдении, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосу ачыкталган. Биринчи натыйжа теориялык жактан негиздүү болуу менен изилдөөнүнү

чегинде **жаңы десе болот,** анткени бүгүнкү күндөгү илимий маалыматтарга таянуу менен үй-бүлөнүн балдардга кесиптик багыт берүүдөгү социалдык-педагогикалык мейкиндик экендиги ынанымдуу далилденген.

2.2. **Экинчи натыйжа:** Изилдөөнүн обьект, предметине ылайык тандалып алынган методдор жана материалдар талдоого алынып, мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлө тарбиясынын кесиптик багыт берүү потенциалы, анын критерийлери, деңгээли жана бүтүрүүчүлөрүн кесиптик багыт берүүнүн натыйжалуугун арттыруунун педагогикалык шарттары иштелип чыккан. (63-100 б.б. дисс.). Бул натыйжаны **жаңы деп кабыл алууга негиз бар,** себеби, жогоруда белгилеген үй-бүлөнүн кесипке багыт берүүчү потенциалы, анын критерийлери, деңгээлдери жана автор тарбынан иштелип чыккан педагогикалык шарттар изилдөөнүн максатына, милдеттерине дал келүү менен мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүү иштерин мындан ары өркүндөтүүгө кошкон орчундуу илимий салым десе болот.

**2.3. Үчүнчү натыйжа:** мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлө тарбиясынын натыйжалуулугун арттыруу боюнча теориялык модель аныкталып, илимий педагогикалык шарттар эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыккан. **Аталган натыйжаны дагы жаңы десе болот,** анткени атайын жүргүзүлгөн констатациялык эксперименттердин жүрүшүндө мектеп окуучулырынын кесип тандоосундагы үй-бүлөнүн 15 таасир көрсөтүү элементтерин камтыган репрезентативдүү критерийлер жана аларга жооп берүүчү иш-чаралардын мазмуну чагылдырылган. Калыптандыруучу эксперимент аркылуу изилдөөнүн предметин ишке ашыруу боюнча тастыкталган илимий-практикалык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар берилген.

**3. Илимий иштин жаңылыгын жана теориялык маанисин** төмөнкүчө баалоого болот:

- иштин теориялык жаңылыгы алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен бүгүнкү күндөгү мектеп окуучуларын кесипке багыт берүүдөгү илимий-практикалык жетишкендиктер ачыкталган, илимий иш теориялык шилтемелерге бай, алар изилдөөнүн предметин жана изилденип жаткан проблеманын актуалдуулугун далилдеп турат.

- изилдөөдө **мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосу, үй-бүлө - балдарды кесиптик багыт берүүдөгү социалдык-педагогикалык мейкиндик экендиги** (32 б. дисс.) анын илимий жактан чечмелөөсү, изилдөөчүнүн каралып жаткан проблеманы чечүүгө кошкон салымы десе болот.

### 4. Илимий иштин практикалык баалуулугу:

- алынган жыйынтыктар мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү үй-бүлө тарбиясынын таасирин өркүндөтүүгө негиз болот;
- аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү үй-бүлө тарбиясынын таасирдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет;
- изилдөөнүн материалдары мектеп мугалимдерине, педагогикалык окуу жайлардын окутуучулары, болочок мугалимдер, ата-энелер жана бүтүрүүчүлөр тарабынан колдонмо материалдар катары сунушталат.

### 5. Алынган натыйжалардын, илимий жоболордун далилдүүлүгү:

Алынган натыйжаларды жана жоболорду илимий-теориялык жактан далилдүү жана практикалык жактан пайдалуу деп кабыл алууга негиз бар. Анткени изилдөөнүн коргоого коюулуучу жоболордо диссертант учурунда белгилүү илимий булактарга таянуу жана бүгүнкү коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү эсепке алуу менен мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдо үй-бүлө тарбиясынын таасиринин теориядагы жана

практикадагы абалы чагылдырылган, белгиленген проблеманы чечүүнүн теориялык модели, педагогикалык шарттары сушутайт; үй-бүлө тарбиясынын мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү таасирин арттырууга багытталган максаттык, мазмундук, технологиялык, иш-аракеттик жана натыйжалык блоктордон турган теориялык моделди, педагогикалык шарттар комплексин жана алардын натыйжалуулугун далилдөөчү эксперименталдык иштердин жыйынтыктарын сунушталат. Жогору белгиленгендер изденүүчү Абдыракунова Жылдыз Сатаровна тарбынан коргоого коюулуп жаткан жоболордо ынанымдуу жана мектеп бүтүрүүчүлөрүн кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөнүн таасирдүүлүгүн арттырууда максаттуу тарбиялык иш-чараларды пландаштырууда жана аларды ишке ашырууда пайдалуу илимий-практикалык каражат боло алат.

**6. Диссертациялык иштин авторефераты** изилдөөнүн илимимй аппаратын, теориялык незиздерин, изилдөө методдорун жана материалдарын, жалпы мазмунун жана структурасын, эксперименталдык иштердин жүрүшүн жана натыйжаларын чагылдырып турат. Авторефертта кыргыз, орус, англис тилиндеги резюме берилген.

**7. Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүү деңгээли.** Изилдөөнүн натыйжасында 15 илимий макала жарык көргөн, алардын көпчүлүгү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп бере турган жана чет элдик басылмаларда жарык көрүү менен диссертациялык иштин мазмунуна үндөш келип, изденүүчүнүн теориялык жана практикалык иштеринин натыйжасын чагылдырып турат.

**8. Жогоруда белгиленген илимий жетишкендиктер менен катар** каралып жаткан диссертациялык иш төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр кездешет: с.

1. Изилдөөнүн предмета мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негиздери болгондуктан, изилдөөнүн теориялык жана практикалык бөлүгүндө кыргыз элинин таалим-тарбия салттарындагы эмгекке, кесипке багыт берүү тажрыйбалары чагылдырылбастан, эзелтен белгилүү чыгыш, батыш ойчулдары, педагогодору - Песталоцци, Руссо ж.б. салымы жөнүндө сөз болот (33-36 бб. дисс.) Аларды бизден башкалар деле жазып бүтүштү, биздикин ким жазат? деген суроо туулат.

2. Коргоого коюулуучу жоболор анчалык далилдоонү талап кылбаган аксиома жана отчет түрүндө берилген. Жоболор жана натыйжалары бүгүнкү күндөгү кесиптик даярдыкты аныктоочу адамдык фактор, эмгек рыногу, эмгек ресурстары, заманбап кесиптер, кепситик атаандаштык, эмгек династиялары ж.б. түшүнүктөр менен коштолсо иштин илимий-теориялык баалуулугу дагы артмак.

3. Автор тарбынан сунушталып жаткан педагогикалык шарттар эксперименталдык иштин милдеттери түрүндө жазылган (100 б. дисс.). Аларды үй-бүлө тарабынан бүтүрүүчүлөрдү кесип тандоодого багыттоодогу таалим-тарбиялык иштин жаңы формаларын жана методдорун камтыган сунуштар түрүндө берсе болмок.

4. Диссертациялык иште учурдагы социалдык жактан начар үй-бүлөлөр (мигранттардын үй-бүлөлөрү, толук эмес үй-бүлөлөр ж.б.) балдарды кайсы кесипке багыттай тургандыгы жөнүндө маалыматтар берсе болмок.

5. Диссертациялык иште бир топ стилистиалык мүчүлүштүктүр, бүтпөй калган ойлор, техникалык каталар орун алган.

Бирок, белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы илимий баалуулугун түшүрбөйт, алардын көпчүлүгүн ондосо болот, алардын айрымдары ишти илимий жактан тариздөөнү (формулировкага) күчөтүү көз караштан айтылды.

**9. Корутунду.**

Абдыракунова Жылдыз Сатаровна тарабынан жазылган **"Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негиздери"** аттуу диссертациялык иш 13.00.01. - жалпы педагогика адистигине ылайык келип, КР ЖАКтын педагогика адистиги боюнча кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча КР ЖАКтын жоболорунун П. 10 пунктуна туура келген, өз алдынча аткарылган илимий-практикалык мааниси жогору илимий иш катары бааланат жана изденүүчү педагогика илиминин кандидаты даражасына татыктуу деп эсетөөгө болот.

Расмий пикир Ж. Баласагын атындагы КУУнун **жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын** жыйынында талкууланып, кабыл алынды.

«14» декабрь 2021-жыл, протокол № 8

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**СГИФинин жогорку мектептин педагогикасы**
**кафрасынын башчысы,**
**педагогика ил. доктору, профессор** **Н.А. Асипова**

Н.А. Асипованын колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы Шайлиякова А.А.